Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Жаратылыш ресурстары,
экология жана техникалык
көзөмөл министрликтин
________ 2025 ж. № ______
буйругу менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары,
экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу
"Эко Оператор" Мамлекеттик ишканасынын
Байкоочу кеңеши жөнүндө
Жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 9-июнундагы № 325 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Эко Оператор" Мамлекеттик ишканасын түзүү жөнүндө" токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Эко Оператор" Мамлекеттик ишканасынын (мындан ары - Ишкана) уставына ылайык, Байкоочу кеңеш акча каражаттарынын максаттуу пайдаланылышына, ошондой эле кабыл алынган чечимдердин аткарылышына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын сакталышына контролду жүзөгө ашыруучу коллегиалдуу орган болуп саналат.

2. Байкоочу кеңеш юридикалык жактын статусуна ээ эмес. Байкоочу кеңештин мүчөлөрү анын ишине коомдук башталышта катышат.

3. Ишкананын Байкоочу кеңешинин компетенциясына кирген маселелер Ишкананын жетекчилигинин кароосуна берилиши мүмкүн эмес.

4. Зарыл болгон учурда Ишкананын Байкоочу кеңешинин төрагасы Ишкананын учурдагы ишин текшерүүнү демилгелей алат.

## 2. Ишкананын байкоочу кеңешинин курамы

5. Ишкананын Байкоочу кеңеши үч жылдык мөөнөткө Байкоочу кеңештин төрагасы башында турган беш мүчөдөн кем эмес түзүлөт. Байкоочу кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин чечими боюнча Ишкананын Байкоочу кеңешинин курамына дайындалат же кайра чакыртып алынат. Ишкананын Байкоочу кеңешинин курамына Ишкананын Байкоочу кеңешинин төрагасы болуп саналган Кыргыз Республикасынын

Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин министрдин орун басары кирет, ошондой эле, Ишкананын Байкоочу кеңешинин курамына Кыргыз Республикасында мамлекеттик жарандык кызмат орундарын ээлеген жактар жана Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин чечими боюнча башка жактар кире алат.

6. Ишкананын Байкоочу кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан дайындалган күндөн тартып өз ыйгарым укуктарын ишке ашырууга киришет.

7. Ишкананын Байкоочу кеңешинин төрагасынын жана мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин чечими боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн.

## 3. Ишкананын Байкоочу кеңешинин компетенциясы

8. Байкоочу кеңештин негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Ишкананын уставдык максаттарынын жана милдеттеринин алкагында иш-чараларды ишке ашыруу үчүн финансылык каражаттарды бекитүү жана бөлүп берүү максатында юридикалык жактардын, анын ичинде муниципалдык ишканалардын, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан жеке жактардын жана жеке ишкерлердин долбоордук өтүнмөлөрүн карoo жана бекитүү;
- Ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планын бекитүү
- келерки финансылык жылына ишкананын бюджетин бекитуу
- бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту жана Ишкананын бухгалтердик балансын бекитүү;
- уюштуруу түзүмүн, штаттык тизимин, эмгек акы фондун, сыйлоо системасын, ошондой эле Ишкананын кызматкерлерин жана жетекчилигин социалдык жактан колдоо боюнча чараларды макулдашуу, анын ичинде оор турмуштук кырдаалдарда материалдык жардам көрсөтүү, кошумча социалдык төлөмдөр жана жеңилдиктер, дарыланууга, ден соолукту чыңдоого жана эс алууга кеткен чыгымдарды компенсациялоо, ыктыярдуу медициналык камсыздандыруунун жана өмүрдү камсыздандыруунун корпоративдик программаларына катышуу, окутууга жана квалификацияны жогорулатууга көмөк көрсөтүү, ошондой эле Ишкананын локалдык ченемдик актыларында каралган колдоо көрсөтүүнүн башка түрлөрү.
- Ишкананы каржылоо жөнүндө чечим кабыл алуу
- калдыктарды башкаруу жаатында алдыңкы технологияларды киргизүү, объекттерди куруу, реконструкциялоо, модернизациялоо, боюнча ишмердүүлүктү контролдоону жүзөгө ашыруу.
- алынган пайданы Ишкананын максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн пайдалануу жөнүндө чечимдерди кабыл алууга;
- Ишкананын каражаттарынын максаттуу пайдаланылышына контролдукту ишке ашыруу;

- Ишкананын уставында каралган башка функцияларды ишке ашыруу.

## 4. Ишкананын байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

9. Байкоочу кеңеш өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- Ишканадан өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды суроого;

- Ишкананын каражаттарын башкаруучу тарабынан сунушталган документтерди кайра иштеп чыгууга үчүн кароого Байкоочу кеңешке жөнөтүү.

10. Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн милдеттери:

- Байкоочу кеңештин жыйналыштарына катышууга, Байкоочу кеңештин жыйналыштарына киргизилген маселелерди талкуулоого жана добуш берүүгө катышууга

- Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн кызыкчылыктары менен Ишкананын кызыкчылыктарынын ортосундагы карама-каршылыкка алып келе турган же алып келиши мүмкүн болгон аракеттерден баш тартууга жана мындай карама-каршылык пайда болгон учурда бул жөнүндө Байкоочу кеңештин төрагасына токтоосуз билдирүүгө;

- Байкоочу кеңештин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Ишкана жөнүндөгү купуя маалыматты түзгөн ар кандай маалыматты, анын ичинде Байкоочу кеңештин мүчөлүгү токтотулгандан кийин ачыкка чыгарууга, жеке максаттарда же үчүнчү жактардын кызыкчылыктарында пайдаланууга укуксуз.

## 5. Ишкананын Байкоочу кеңешинин ишин уюштуруу

11. Байкоочу кеңештин жыйналыштарын өткөрүүнүн тартиби:

- Байкоочу кеңештин жыйындары квартал сайын өткөрүлөт. Зарыл болгон учурда иш-чаралардын жана объектилердин тизмесин тактоо же өзгөртүү, ошондой эле ишкананын бюджетинин тиешелүү чыгымдары же уюштуруучунун чечими боюнча учурдагы маселелерди чечүү үчүн Байкоочу кеңештин кезексиз жыйналыштары өткөрүлүшү мүмкүн.

- Байкоочу кеңештин жыйналыштары зарылчылыкка жараша өткөрүлүшү мүмкүн. Байкоочу кеңештин жыйналыштары кезектеги же кезексиз болушу мүмкүн.

- Ишкананын Байкоочу кеңешинин жыйналышы, эгерде ага Ишкананын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса укуктуу болот.

- Байкоочу кеңештин жыйналыштары Байкоочу кеңештин катчысы тарабынан протоколго алынат. Протоколго Байкоочу кеңештин төрагасы же орун басары кол коет, түп нускалары Байкоочу кеңештин катчысында сакталат.

- Байкоочу кеңештин чечимдери жыйналышка катышкан Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана Байкоочу кеңештин төрагасы кол койгон протокол менен таризделет. Добуштар тең болуп калган учурда Байкоочу кеңештин төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

- Байкоочу кеңештин жыйналыштарын видеоконференцбайланыш системасын колдонуу менен өткөрүүгө жол берилет.

- Байкоочу кеңештин өз компетенциясынын чегинде кабыл алган чечимдери Ишкана үчүн милдеттүү болуп саналат.

- Байкоочу кеңештин иш-аракети Ишкананын каражаттарын башкаруучу тарабынан камсыз кылынат. Байкоочу кеңештин катчысынын милдеттерин аткарууга Ишкананын каражаттарынын башкаруучу өзүнүн штаттык кызматкерин камсыздайт.

- Байкоочу кеңештин катчысы Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн ортосунда кат алышууну жүргүзөт, алардын сунуштары боюнча иш планын жана күн тартибин түзөт, жыйналыштардын протоколдорун жүргүзөт, төраганын тапшырмаларын жана Байкоочу кеңештин чечимдерин аткаруу мөөнөттөрүн контролдойт.

- Байкоочу кенеш ар бир календардык жылдын 1-мартынан кечиктирбестен өзүнүн жыйналыштарында Ишкананын каражаттарын башкаруучунун Ишкананын жылдагы ишинин натыйжалары, Ишкананын каражаттарынын эсебинен каржыланган долбоорлордун аткарылышы жана Ишкананын бюджетинин аткарылышы жөнүндөгү отчетун угат.

12. Байкоочу кеңеш жыл сайын 20-марттан кечиктирбестен өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча Ишкананын отчетун карайт, ошондой эле долбоорлорду жана объектилерди ишке ашырууну, ошондой эле өткөн жыл ичинде аларды каржылоонун жыйынтык сметасын карайт.

13. Байкоочу кеңешти кармоого кеткен чыгымдар (иш сапар чыгымдары, кеңсе буюмдары ж.б.) Ишкананын бюджетинин эсебинен жабылат.

## 6. Чечим кабыл алуу тартиби

14. Ишкананын Байкоочу кеңешинин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Ишкананын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү өздөрүнүн добуштарын башка жакка, анын ичинде Ишкананын Байкоочу кеңешинин башка мүчөсүнө берүүгө укугу жок.

15. Ишкананын байкоочу кеңешинин чечимдери жыйналышка катышкан Ишкананын байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн жана жазуу жүзүндө корутунду берген ишкананын Байкоочу кеңешинин катышпаган мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

16. Ишкананын байкоочу кеңешинин чечими, эгерде Ишкананын байкоочу кеңешинин чечиминде башкача каралбаса, жыйналыш өткөн күндөн тартып күчүнө кирет.